Изденүүчү Омуров Нурлан Кубатовичтин «Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты катарында (инженердик билим берүү программасынын мисалында)» аттуу 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине расмий оппонент, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Н.А. Абдыбекованын

**ПИКИРИ**

Диссертациялык иш С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары кафедрасында аткарылган.

Диссертациянын мазмуну 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы илимий адистигине туура келет жана киришүүдөн, үч баптан, корутундуудан, практикалык сунуштардан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат.

Диссертациялык иштин киришүүсүндө изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу, максаты, милдеттери, илимий иштин натыйжалары, алардын теориялык жана практикалык мааниси, изденүүчүнүн жекече салымы, коргоого коюлуучу жоболор, диссертациялык иштин натыйжаларын апробациялоо, иштин түзүлүшү жана көлөмү жөнүндө маалыматтары берилген.

1. **Диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу.**

Кыргызстандын жогорку окуу жайларында билим берүүнүн сапатын арттыруу жана сапатты башкаруу системасында олуттуу өзгөрүүлөрдү киргизүү аркылуу дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине кошулуунун белгилениши менен жогорку окуу жайларынын ишмердүүлүгүндө заманбап талаптарына жооп бербеген традициялык ыкмалардын жана мамилелердин калыптанып калышы, ошондой эле, аалмадашуу алкагында атаандаштыкка жөндөмдүү бүтүрүүчүлөргө болгон коомдун объективдүү муктаждыгы менен ЖОЖдо билим берүүнүн сапатын башкаруу системасын натыйжалуу өзгөртүүгө жана

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 107 «19» 11 2024 ж/г



Окумуштуу катчы: [signature]

өркүндөтүүгө багытталган, илимий негизделген педагогикалык шарттардын жоктугу теманын актуалдуулугун шарттайт.

Жогорку окуу жайларында жыйынтыктар аркылуу бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатынын талап кылынган деңгээлин камсыз кылуу зарылдыгы менен бул багытта илимий негизделген иштелмелердин методикалык жактан камсыздалбагандыгынын ортосундагы карама-каршылыктар Кыргызстанда жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруу системасын жакшыртуунун теориялык жана практикалык жактан тажрыйбанын жетишсиздиги болуп саналат.

Изилденип жаткан теманын актуалдуулугу жана андагы коюлган максат, милдеттердин негиздүүлүгү жогорку окуу жайларындагы кесиптик билим берүүнүн сапатын башкарууну жакшыртуунун теориясындагы жана практикасындагы карама-каршылыктарды чечүү менен шартталган.

Жогоруда белгиленгендей, диссертациянын темасы актуалдуу болуп Кыргызстандагы жогорку кесиптик билим берүү системасынын сапатын башкаруу жана өркүндөтүү боюнча маанилүү маселелер көтөрүлүп, аларды чечүү жолдору изилдениши учурда актуалдуу.

**Диссертациялык иштин максаты:** Окутуунун натыйжасы аркылуу жогорку билим берүүнүн сапатын башкаруу системасын жакшыртуунун илимий негиздерин иштеп чыгуу жана эксперименталдык түрдө текшерүү.

**Диссертациялык иштин милдеттери:**

1. Жогорку окуу жайда билим берүүнүн сапатын башкаруу системасын өркүндөтүүнүн теориялык негиздерин жана практикалык абалын изилдөө.

2. Жогорку окуу жайларында билим берүүнүн сапатын башкаруу системасын жакшыртууга багытталган уюштуруучулук-педагогикалык шарттарды аныктоо, моделин түзүү жана аны ишке ашыруунун жолдорун изилдөө.

3. Иштелип чыккан моделдин эффективдүүлүгүн эксперимент аркылуу текшерүү жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу деп белгиленген.

Диссертациялык иштин түзүлүшү жана мазмуну изилдөөнүн логикасына,

объектисине жана предметине ылайык киришүүдөн, 3 баптан, корутундудан, адабияттар тизмесинен жана тиркемеден турат.

**Изилдөөнүн илимий өзөгүн** билим берүүнүн сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу, сапатты башкаруунун аспектилери, дүйнөлүк илимий жана билим берүү мейкиндигине интеграциялоо, оптималдуу билим берүү системаларын трансфармациялоо түзөт.

Жогорку кесиптик билим берүүнүн сапаты – ар бир жогорку окуу жайынын атаандаш компоненти, билим берүүнүн жогорку сапатына кепилдик берген жогорку окуу жайы атаандаштыкка жөндөмдүү болот. Билим берүү мекемесинде сапат системасын өнүктүрүү ЖОЖ ичиндеги билим берүүнүн сапатын камсыздоо системаларынын болушунун жана эффективдүүлүгүнүн аккредитациялык индикаторлорунун санына киргизилишине байланыштуу.

**2. Диссертацияда берилген илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын негизделиш даражасы:**

Диссертациялык иште берилген илимий жоболор, жыйынтыктар жана сунуштар илимий-теориялык жактан ынанымдуу жана практикалык жактан жетишээрлик деңгээлде далилдүү.

**Диссертациялык иштин биринчи** бапында жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу учурда актуалдуу педагогикалык проблема экендиги, натыйжалуу сапат системасын ишке ашыруу жогорку профессионалдуулукту, кызматкерлердин билимин жана заманбап менеджменттин бардык деңгээлдеги жаңы ыкмаларын жана технологияларды талап кыла тургандыгы жөнүндө жүйөлүү пикирлер берилген.

**Диссертациялык иштин экинчи** бапында Жогорку кесиптик билим берүүдө окутуунун натыйжасы аркылуу билим берүүнүн сапатын башкаруунун педагогикалык шарттары жана окутуунун натыйжасы аркылуу билим берүүнүн сапатын башкаруунун модели жана аны ишке ашыруунун жолдору чагылдырылган.

**Диссертациялык иштин үчүнчү** бапында окутуунун натыйжасын жакшыртуу аркылуу жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын

арттыруунун эффективдүүлүгүн аныктоо жана аларды ишке ашырууга багытталган педагогикалык эксперименттин жүрүшү жана жыйынтыктары орун алаган.

**3. Диссертациялык иштин илимий натыйжаларынын жаңылык деңгээли:** Изденүүчү изилдөөдө билим берүүнүн сапатын башкаруу жана анын компоненттерин терең талдоо жасаган. Жыйынтыгында билим берүүнүн сапатын башкаруунун теориялык базасы жакшыртылгандыгы так берилген. «Билим берүүнүн сапаты» жана «билим берүүнүн сапатын башкаруу» терминдеринин мазмуну такталгандыгы жана дүйнөлүк моделдердин айырмачылыктарынын ачыкталышы – бул илимий изилдөөдө жаңылык жана фундаменталдуулук катары каралат. Ар бир түшүнүктүн терең изилдениши жана дүйнөлүк контекстте салыштыруусу билим берүү чөйрөсүндөгү актуалдуу маселелерди чечүүгө багытталган.

Изилдөөнүн практикалык мааниси билим берүүнүн сапатын арттырууга багытталган педагогикалык шарттарды жана башкаруу моделдерин иштеп чыгууга болгон негиздүү кадамдарды камтыйт. Окутуунун натыйжасы аркылуу билим берүүнүн сапатын камсыз кылуунун педагогикалык шарттарын аныктоо, жогорку окуу жайларынын окутуучуларынын ишмердүүлүгүн өркүндөтүү үчүн пайдалуу жолдордун сунуштоо жана тиешелүү баалоочу инструменттердин түзүлүшү — бул чыныгы практикага негизделген сунуштардын иштелип чыгышы болуп саналат.

Моделдин эффективдүүлүгүн текшерүү үчүн жүргүзүлгөн эксперименттер — иштелип чыккан моделдин колдонуу натыйжаларын иш жүзүндө көрсөтүү үчүн өтө маанилүү. Моделдин үч этаптан турган текшерилиши анын практикалык маанилүүлүгүн жана иш жүзүндөгү натыйжалуулугун тастыктайт. Бул эксперименттердин жыйынтыгы, иштелип чыккан моделдин билим берүүнүн сапатын арттырууга мүмкүн болгон чыныгы эффективдүүлүгүн көрсөткөндүктөн, диссертациянын натыйжаларынын негиздүүлүгүн бекемдейт.

Диссертацияда коюлган негизги жоболордун ичинен: окутуунун

натыйжасы аркылуу билим берүүнүн сапатын башкаруу процессинин иштелип чыгышы; педагогикалык шарттардын аныкталышы жана алардын башкаруу системасына интеграцияланышы; моделдердин куралынын этаптарга бөлүнүп, окуу процессинде колдонулушу, баары жакшы негизделген жана теория менен практика арасындагы байланышты көрсөткөндүктөн, иштин негиздүүлүгү аныкталган. Бул жоболор жогорку окуу жайларынын окутуучулары жана билим берүү тармагындагы жетекчилерге пайдалуу болгон жаңы теориялык жана методикалык инструменттерди сунуштайт.

Жыйынтыктап айтканда, диссертациянын изилдөө натыйжалары, тыянактары жана практикалык сунуштары илимий негиздүүлүктүн жогору даражасын көрсөтүп, билим берүүнүн сапатын башкаруу чөйрөсүндөгү маанилүү практикалык маселелерди чечүүгө багытталган. Иштелип чыккан модель жана сунуштар бул тармактагы көптөгөн маселелерди жана тапшырмаларды так чечүү мүмкүнчүлүгүн берет.

**1. Белгиленген натыйжалардын илимий жаңылыгын төмөнкүчө аныктоого болот:**

**1-натыйжа – жаңы.** Изилдөөнүн негизги илимий жаңылыгы билим берүүнүн сапатын башкаруу концепциясы жана анын педагогикалык шарттарын иштеп чыгуу менен байланыштуу. Изденүүчү билим берүүнүн сапатын башкаруунун дүйнөлүк моделдери арасындагы айырмачылыктарды аныктап, алардын негизинде билим берүү процессин ишке ашыруунун педагогикалык шарттарын иштеп чыккан. Кесиптик жогорку билим берүүнүн сапатын башкарууда окутуунун күтүлүүчү натыйжасын каражат катары колдонуу акыркы мезгилдерде пайда болгон муктаждыктарга жана билим берүүнүн сапатын башкаруу теориясынын негизги принциптерине ылайык келет. Кыргызстандагы кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруу тажрыйбасынын калыптанышы, өнүгүшү, билим берүү программаларын ишке ашыруу механизмдери, алардын азыркы абалы жана келечеги биринчи ирет кеңири жана терең изилденип, мүнөздөлгөн.

**2-натыйжа – жаңы.** Окутуунун натыйжасы аркылуу билим берүүнүн сапатын башкаруу моделинин теориялык жана практикалык негиздери иштелип,

окутуунун натыйжаларын баалоо жана жакшыртуу үчүн көп этаптуу структура түзүлгөн. Модельдин негизинде, кесиптик жогорку билим берүүдөгү сапатты камсыз кылуунун педагогикалык шарттары инженердик билим берүү программасынын мисалында алгачкы ирет иштелип чыккан.

**3-натыйжа – жаңы.** Эксперименталдык текшерүүлөрдүн жыйынтыгы менен иштелип чыккан моделдин эффективдүүлүгү жана анын жогорку окуу жайларындагы билим берүүнүн сапатын жогорулатуудагы ролу аныкталды. Кесиптик жогорку билим берүүнү окутуунун натыйжасына негизделген башкаруу модели Кыргызстандагы билим берүү тажрыйбасында алгачкы ирет иштелип, анын үч этаптан турган мазмуну жана уюштуруучулук-структуралык негиздери аныкталган.

Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү жогорку окуу жайларындагы окутуучулардын ишмердүүлүгүн жакшыртууга жана билим берүүнүн сапатын башкаруунун эффективдүү ыкмаларын колдонууга мүмкүндүк берет:

1. Кесиптик жогорку билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу боюнча илимий эмгектер окутуунун натыйжасын баалоо, окуу программаларын иштеп чыгуу жана окуу процессин жакшыртуу үчүн колдонулат.
2. Изилдөөнүн практикалык мааниси окутуунун натыйжаларын баалоо жана билим берүүнүн сапатын жогорулатуу боюнча методикалык жана уюштуруучулук сунуштарда жатат. Инженердик билим берүүнүн сапатын жакшыртууга багытталган педагогикалык шарттар башка тармактарда да колдонулушу мүмкүн.
3. Окутуунун натыйжасы аркылуу билим берүүнүн сапатын башкаруу модели жогорку окуу жайларында колдонууга сунушталат, бул жаңы эффективдүү ыкмаларды жайылтууга шарт түзөт.

Изилдөөнүн илимий жана практикалык маанииси. Изилдөөнүн жүрүшүндө алынган натыйжалар, аныкталган педагогикалык шарттар, окутуунун Окутуунун натыйжасы аркылуу билим берүүнүн сапатын башкаруунун модели инженердик билим берүү боюнча окуу программаларын,

колдонмолорун, нормативдик документтерди иштеп чыгууда пайдаланылышы мүмкүн.

Иштелип чыккан практикалык сунуштардын ар кандай типтеги окуу жайларында колдонулушу мүмкүн экендиги көрсөтүлгөн. Бул өзгөчө билим берүү чөйрөсүндө иштеген адамдар үчүн маанилүү, анткени алар сунуштардын иш жүзүндө пайдалуулугун текшерүүгө мүмкүнчүлүк алышат. Окутуу процесстерин жакшыртууга багытталган методикалык сунуштар жана баалоочу инструменттер – бул билим берүү системасынын ар кандай деңгээлинде ийгиликтүү ишке ашырылышы мүмкүн болгон натыйжалуу чаралар.

**Изденүүчүнүн жекече салымы**: изилденүүчү проблема боюнча илимий адабияттар талданган, түшүнүктөрдүн маңызы такталып, билим берүүнүн сапатын башкаруунун модели түзүлгөн, моделдин эффективдүүлүгүн баалоо иш-аракеттери жүзөгө ашырылган жана ЖОЖдордун практикасына сунушталган.

2. **Автореферattын диссертациянын мазмунуна туура келиши**. Изденүүчү Омуров Нурлан Кубатовичтин "Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты катарында (инженердик билим берүү программасынын мисалында)" аттуу 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча жазылган диссертациялык иштин мазмуну авторефераттын мазмуну менен дал келет. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилиндеги резюмелер менен жабдылган.

3. Диссертациянын мазмунунда жана авторефератта кездешкен айрым мүмкүн болгон мүчүлүштүктөр:

1) Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын жакшыртуу экендигин эске алып, инженердик билим берүү программасынын негизинде жогорку окуу жайлардын окутуучулары жана студенттери үчүн окуу куралдарын иштеп чыгуу аркылуу эффективдүү таасир кылуу максатка ылайык болмок.

2) Изилдөөнүн предмети катары, окутуунун натыйжасы аркылуу жогорку окуу жайда билим берүүнүн сапатын башкаруу процесси болгондугуна

карабастан, студент тарабынан өздөштүрүлгөн жумшак жана катуу көндүмдөр, алардын негизинде калыптанган интеллектуалдык жана чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрдү калыптандыруунун системасы иштелип чыкса, бул эффективдүү таасир кылмак, андан тышкары иштелип чыккан педагогикалык шарттар жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруу процессинин бардык компоненттерине проекция көрсөтүүгө мүмкүндүк бермек.

3) Студенттердин жана окутуучулардын инновация тармагындагы активдүүлүгүн стимулдаштыруунун механизмдери менен каражаттары иштелип, окуу процессине киргизүү жагы каралса, иштелип чыккан моделдин билим берүүнүн сапатын арттырууга мүмкүн болгон чыныгы эффективдүүлүгүн көрсөтмөк.

Жогоруда белгиленген мүчүлүштүктөр диссертациялык иштин жалпы илимий беделине шек келтирбейт, алар каралып жаткан иштин сапатын жогорулатуу максатында белгиленди.

4. Изденүүчү Омуров Нурлан Кубатович тарабынан “Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты катарында (инженердик билим берүү программасынын мисалында)” аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча жазылган диссертациялык иш жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкарууну өркүндөтүү максатында жазылган илимий эмгек болуп эсептелет.

Диссертациялык иш 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигине ылайык келип, КРнын УАКтын педагогика адистиги боюнча кандидаттык окумуштуулук даражаны ыйгаруу боюнча Жобонун 10 пунктуна туура келген, өз алдынча аткарылган илимий иш катары бааланат жана изденүүчү педагогика илиминин кандидаты даражасын алууга татыктуу.

**Расмий оппонент:**

педагогика илимдеринин кандидаты,
доцент Абдыбекова Н.А.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

19.11.2024-ж.